56

| Кыргыз Республикасы<br>Жалал-Абад областы<br>Чаткал райондук мамлекеттик администрациясы | Кыргызская Республика<br>Жалал-Абадская область<br>Государственная администрация Чаткальского района |
| --- | --- |

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

№ 57 «28» 12 2022-ж/г.

**Чаткал районунун желегин өзгөртүп кабыл алуу жөнүндө**

Чаткал районунун беш жылдык өнүгүү планынын алкагында иштелип чыккан райондун Брендинин концепциясынын негизинде өзгөртүү киргизилип жаткан райондун желегин Каныш-Кыя айылдык кеңешинин VII чакырылышынын кезектеги XXII сессиясынын №6 токтому, Терек-Сай айылдык кеңешинин IX чакырылышынын XXII №291 токтому, Сумсар айылдык кеңешинин VII чакырылышынын XI сессиясынын №11-1 токтому, Чаткал айылдык кеңешинин VII чакырылышынын XVII сессиясынын № 5 токтомдоруна ылайык Чаткал районунун желегин бекитүү максатында:

1. Чаткал районунун беш жылдык өнүгүү планынын алкагында иштелип чыккан райондун Брендинин негизинде райондун желегине өзгөртүү киргизүү боюнча Каныш-Кыя, Чаткал, Терек-Сай жана Сумсар айылдык кеңештеринин кабыл алган токтомдору бекитилсин;
2. Чаткал районунун беш жылдык өнүгүү планынын алкагында иштелип чыккан райондун Брендинин концепциясына ылайык Каныш-Кыя, Чаткал, Терек-Сай жана Сумсар айылдык кеңештери тарабынан кабыл алынган Чаткал районунун жаңы желеги (ак түстөгү фонго: “Чаткал Алтын өрөөн” – деген алтын түс менен жазылган) бекитилсин;
3. Чаткал районунун жаңы кабыл алынып бекитилген желеги бардык жерде Чаткал районунун расмий желеги катары пайдаланылсын;
4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө аппарат жетекчи Р.А.Асанбаевке милдеттендирилсин.

**Аким** **А.Ж.Сеңирбаев**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ
ЧАТКАЛ РАЙОНУ

ЧАТКАЛ АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
ЧАТКАЛЬСКИЙ РАЙОН

ЧАТКАЛЬСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ

Жаны-Базар айылы Досматов көчөсү  с.Жаны-Базар ул.Досматова

# Чаткал айылдык Кеңешинин VII чакырылышынын XVII кезексиз сессиясынын

# Токтому № 5

14.12.2022-жыл  Жаны-Базар айылы

**Чаткал айыл Окмотунун, Чаткал райондук мамлекеттик администрация башчысынын сунушу боюнча Чаткал районунун отрибуттарынын бири “желегин” озгортуу сунушун кароо жонундо**

Чаткал айылдык кенешинин VII-чакырылышынын кезексиз XVII-сессиясы Чаткал районунун отрибуттарынын бири “желегин” озгортуу боюнча Чаткал райондук мамлекеттик администрация башчысынын, Чаткал айыл Окмотунун башчысынын сунушун угуп, талкуулап

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Чаткал районунун мамлекеттик администрация башчысы, Чаткал айыл Окмотунун сунуштары эске алынсын.
2. Чаткал райондук мамлекеттик администрациясы тарабынан сунушталган Чаткал районунун “желегинин” улгусу жактырылсын.
3. Чаткал районунун “желеги” Чаткал райондук мамлекеттик администрациясы тарабынан сунушталган улгусу Чаткал районунун “желеги” катары бекитуу жагы райондук мамлекеттик администрациясына калтырылсын.
4. Бул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жонундо” мыйзамына ылайык Чаткал райондук мамлекеттик расмий WWW: Chatkal.kg маалымат сайтына жарыялансын.
5. Аталган токтомдун аткарылышын козомолдоо жагы айылдык Кенештин торагасынын орун басары К.Оморовго милдеттендирилсин.

Чаткал айылдык Кенешинин торагасы:  М.Козубаев.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ
ЧАТКАЛ РАЙОНУ
КАНЫШ-КЫЯ АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
ЧАТКАЛЬСКИЙ РАЙОН
КАНЫШ-КИЙСКИЙ АЙЫЛНЫЙ
КЕНЕШ

Чаткал району Каныш-Кыя айылы,Т.Кошбаев көчөсү №120 инд:721700 эл.поч.kkenesh19@mail.ru

**Каныш-Кыя айылдык Кеңешинин VII чакырылышынын кезектеги XXII сессиясынын**

**№ 6 Т О К Т О М У**

26.12.2022-жыл

Каныш-Кыя айылы

**Райондун желегин өзгөртүү жөнүндө**

Чаткал районунун администрация башчысы А.Сеңирбаевдин 28.11.2022-жылдагы №01-23/2044 чыгыш сандуу катынын негизинде Каныш-Кыя айыл өкмөтүнүн башчысы Б.Исабековдун 14.12.2022-жылдагы №01-18/1011 чыгыш сандуу кайрылуусун карап жана талкуулап Каныш-Кыя айылдык Кеңешинин VII чакырылышынын кезектеги XXII сессиясы

## Токтом кылат:

1. Каныш-Кыя айыл өкмөтүнүн башчысы Б.Исабековдун кайрылуусу эске алынсын.
2. Чаткал райондук мамлекеттик администрациясы тарабынан сунушталган Чаткал районунун желегинин үлгүсү жактырылсын.
3. Чаткал районунун желеги Чаткал райондук мамлекеттик администрациясы тарабынан сунушталган үлгүсү Чаткал районунун желеги катары бекитүү жагы райондук мамлекеттик администрациясына калтырылсын.
4. Бул токтом Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө” Мыйзамына ылайык Чаткал райондук мамлекеттик администрациясынын расмий www.chatkal.kg маалымат сайтына жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.
5. Бул токтомду расмий жарыялоо жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү жагы Каныш-Кыя айылдык Кеңешинин жооптуу катчысына милдеттендирилсин.
6. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин төрагасынын орун басары У.Качканаковго тапшырылсын.

**Каныш-Кыя айылдык**
**Кеңешинин төрагасы:** **М.Аликеев**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ<br>ЧАТКАЛ РАЙОНУ<br>ТЕРЕК-САЙ АЙЫЛДЫК<br>АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ЧАТКАЛЬСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ<br>ТЕРЕК-САЙСКОГО АЙЫЛНОГО<br>АЙМАКА |
|---|---|---|

*Жалал-Абад облусу, Чаткал району, Терек-Сай айылы*
**2022-жылдын 15-декабры.**

**Терек – Сай айылдык Кеңешинин**
IX чакырылышынын кезексиз XXII сессиясынын

**№ 291 Т О К Т О М У**

**Чаткал районунун Брендинин алкагында иштелип чыккан райондун желегин кабыл алуу жөнүндө.**

Терек-Сай айыл аймагынын башчысы Б.Ашырбаевдин Чаткал райондук мамлекеттик администрациясынын 2022-жылдын 23-ноябрындагы №261-б буйругу менен өндүрүшкө алынган Чаткал районунун логотибин Брендке жеткирүү максатында , Чаткал районунун Брендинин алкагында иштелип чыккан райондун желегин кабыл алуу жөнүндөгү кайрылуусун угуп жана талкуулап, **Терек-Сай айылдык Кеңешинин IX чакырылышынын кезексиз XXII сессиясы**

**ТОКТОМ КЫЛАТ :**

1.Чаткал районунун логотибин Брендке жеткирүү максатында,Чаткал районунун Брендинин алкагында иштелип чыккан райондун желеги кабыл алынсын жана аны бекитип берүү жагы Чаткал райондук мамлекеттик администрациясынан суралсын.

2.Бул токтомдун аткарылышына байланыштуу иш аракеттерди жүргүзүү Терек-Сай айыл аймагынын айыл өкмөтүнө жүктөлсүн.

3.Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык Кенештин укук жана мыйзамдуулук маселелери боюнча туруктуу комиссиясына милдеттендирилсин.

4.Токтом Кыргыз Республикасынын мыйзам актыларынын талабына ылайык,Чаткал райондук мамлекеттик администрациясынын www.chatkal.kg сайтына жарыялансын.

**Терек – Сай айылдык**
**Кеңешинин төрагасы:** **Тойчуев М.С.**

**СУМСАР АЙЫЛДЫК КЕҢЕШ**

индекси, 721703 Сумсар айылы
Тел: 03749 60082,60086, 60272
e-mail: sumsar_okrug@mail.ru

**СУМСАРСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**

Почтовый индекс, 721703, с. Сумсар
Тел: 03749 60082,60086, 60272
e-mail: sumsar_okrug@mail.ru

**Сумсар айылдык Кеңешинин VII-чакырылышынын кезексиз XI сессиясынын**

**№ 11-1 ТОКТОМУ**

"19" декабрь 2022-ж Сумсар айылы

**"Чаткал районунун Брендинин алкагында иштелип чыккан райондун желегин кабыл алуу жөнүндө"**

Сумсар айыл Өкмөтүнүн башчысы Т.Ботобековдун Чаткал райондук мамлекеттик администрациясынын 23.11.2022ж. №261-б буйруту менен өндүрүшкө алынган Чаткал районунун логотибин Брендке жеткирүү максатында, Чаткал районунун Брендинин алкагында иштелип чыккан райондун желегин кабыл алуу жөнүндөгү кайрылуусун угуп жана талкуулап, **Сумсар айылдык Кеңешинин VII чакырылышынын кезексиз XI сессиясы**

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Чаткал районунун логотибин Брендке жеткирүү максатында, Чаткал районунун Брендинин алкагында иштелип чыккан райондун желеги кабыл алынсын жана аны бекитип берүү жагы Чаткал райондук мамлекеттик администрациясынан суралсын.
2. Бул токтомду аткаруу жагы Сумсар айыл аймагынын башчысына жүктөлсүн.
3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык Кеңештин укук жана мыйзамдуулук маселелери боюнча туруктуу комиссиясына милдеттендирилсин.
4. Токтом Кыргыз Республикасынын мыйзам актыларынын талабына ылайык, Чаткал райондук мамлекттик администрациясынын www/chatkal.kg сайтына жарыялансын.

**Сумсар айылдык Кеңешинин төрагасы** **К.М.Эргешов**


ЧАТКАЛ
АЛТЫН ӨРӨӨН
BRAND-BOOK



АТКАЛ
ОТАЯ ДОЛИНА




АТКАЛ
ОТАЯ ДОЛИНА


ЧАТКАЛ
АЛТЫН ӨРӨӨН